УДК: 347.918(575.2)
*DOI 10.33514/1694-7851-2019-3-21-24*

***Токтакун кызы Гулнура***
*преподаватель кафедры гражданского права и процесса Ошского Государственного Юридического Института*

# БЕЙТАРАП СОТТОР ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ ТҮШҮНҮК

# ОБЩЕЕ ПОНЯТИЕ ОБ АРБИТРАЖНЫХ СУДАХ

# GENERAL CONCEPT OF ARBITRATION SHIPS

**Аннотация:** Бейтарап сот жарандык укуктук талаштарды чечүүнүн формасы болуп саналат. Укуктук талаштарды бейтарап териштирүү мыйзамды урматтого тарбиялоого, укуктук ан-сезимдин жогорулашына, милдеттин аткарылуусунун керектигин түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Бейтарап сотту байыркы сот катары кароого болот. Ошондуктан бул соттор тарыхый жолунда коомдогу көптөгөн талаш-тартыштарды чечишкен, жана башка өзгөчөлүктөрү макалада баяндалмакчы.

**Аннотация:** Одна из форм разрешения гражданско-правовых споров является рассмотрение его в арбитражном суде. Рассмотрения споров в арбитражном суде дает возможность понять значение правосознания, необходимость уважения закона и исполнения обязательств. Понятия института арбитражных судов имеет древние исторические предпосылки.

**Annotation:** One of the forms of resolution of civil disputes is to consider it in the arbitration court. Consideration of disputes in the arbitration court provides an opportunity to understand the value of legal conscience, the need to respect the law and fulfill obligations. The concept of the institute of arbitration courts has ancient historical background.

**Негизги сөздөр:** бейтарап сот, бейтарап териштирүү, чечим, тараптар, сот, макулдашуу, укук, жарандык укук.

**Ключевые слова:** арбитражный суд, арбитражные разбирательства, решение, стороны, суд, соглашение, право, гражданское право.

**Keywords:** arbitration court, arbitral proceedings, decision, parties, court, agreement, law, civil law.

Бейтарап сот - коомдун тарыхындагы эн байыркы сот, жана жарандык укуктук талаш-тартыштарды териштирүүдө демократиялуу түзүлгөн орган. Гомердин «Илиада» деген поэмасында бейтарап сот өндүрүшү жөнүндө жазылган [1].

Азыркы учурда дуйнөдө бейтарап соттун көп түрлөрүн кезиктирүүгө болот. Бирок алардын ички жоболору бирдей, талашуучу эки жак үчүнчү жактан алардын талаштарын чечүүнү суранышат. Бейтарап сот деп аталышынын келип чыгуусу мына ушундан. Тараптар бейтарап сотту тандоодон мурун, алар соттун чыгарган чечимин аткарууга макулдугу керек [2].

Кыргыз Республикасынын мыйзамдары бейтарап сотту жарандык укукту коргоонун альтернативдик формасы катары карап, аны жалпы юрисдикция соттору менен бирдей денгээлге койот. Мамлекетте бейтарап сотту түзүүдө кандайдыр бир мамлекеттик органдын макулдугу талап кылынбайт. Бейтарап сот термини биринчиден, жарандык укуктук

талаштарды чечүүнүн формасы; экиичиден талаштарды териштирүүнү уюштуруучу орган жана талашуучу тараптар тарабынан талашты чечүү үчүн тандалып алынган соттун курамы (арбитрлардын курамы) же жеке судья (арбитр) [3].

Бейтарап сот - бул пайда болуучу жарандык укуктук мүнөздөгү талаш- тартыштарды конкреттү чечүү үчүн тараптардын макулдугу менен тандалып алынган сот, тараптар соттун чыгарган чечимине баш ийүүгө милдетүү.

Бейтарап териштирүү деп - мамлекеттик сотко катарлаш талаш-тартышты чечүүнүн альтернативдик формасы. Тараптар талаштын чечилишине жана үчүнчү жак тарабынан чыгарылган чечимге ишеним берүүсү бейтарап териштирүүнүн мазмунун түзөт. Бейтарап териштирүүнүн башка жарандык иштерди кароодо субьектилердин жарандык укугу коргоодогу айырмасы мына ушунда. Жарандык иштерди бейтарап чечүүнүн максаты пайда болгон укуктук келишпестикгерди жөнгө салуу жана милдеттемелерди ыктыярдуу аткарууну камсыз кылуу. Кыскача айтканда укуктук талаштарды бейтарап териштирүү мыйзамды урматтоого тарбиялоого, укуктук ан-сезимди жогорулушуна, милдеттин аткарылуусунун керектигин түшүнүүгө мүмкүндүк берет.

Талашты бейтарап териштирүү ыктыярдуулукка негизделген. Талашты бейтарап сот тарабынан каралуусу үчүн тараптардын жазуу жүзүндөгү макулдашуулары зарыл. Тараптар мындай макулдашууга келбеген учурда мамлекеттнк сотко доо арыз менен кайрылышат. Тараптардын ортосунда келип чыккан (келип чыгышы мүмкүн болгон) талаш-тартыштарды бейтарап сотто кароого эч ким мажбурлай албайт.

Бейтарап сот мамлекеттик ыйгарым укуктуу сот болуп эсептелбейт жана Кыргыз Республикасынын сот тутумуна (системасына) кирбейт бирок, бейтарап соттун чыгарган чечими жалпы юрисдикциядагы сотторунун чечиминдей эле мыйзамдуу күчкө ээ. Бейтарап соттор бири-бирине көз карандысыз, алар мамлекетгик сотторго жана башка мамлекеттик органдарга баш ийбейт, көз карандысыз орган [4]. Субьектилердин укуктарын коргоодо кандайдыр бир себептер менен жалпы юрисдикциялык соттордун чечимине канаттанбай калган учурда бейтарап сотторго кайрылуу муктаждыгы келип чыгат. Мисалы, Европа мамлекеггериндеги жарандар мамлекеттик сотко кайрылгандан мурда бейтарап сотко кайрылууну он көрөт, анткени убакыттан, финансылык жактан утат [5].

Бейтарап сот жарандык укуктук мамилелерден келип чыккан бардык иштерди карайт, төмөнкүлөрдү кошпогондо:

1. Сот аткаручунун токтомуна жана башка аракеттерине, аракетсиздиктерине карата даттанууну;
2. Юридикалык мааниси бар фактыларды аныктоону;
3. Баалуу кагазга карата жарандын укугун калыбына келтирүүнү;
4. Банкротко учуроону;
5. Жарандын өмүрүнө жана ден соолугуна келтирилгенде зыяндын ордун толтурууну;
6. Жеке кадыр баркын жана кесиптик кадыр баркын коргоону;
7. Мурастык укук мамилелерден келип чыккан:

Бейтарап териштирүүнүн негизги принциптери:

- бейтарап териштирүүнү негиздеген башкы белгиси тараптардын макулдугу принциби. Бейтарап сотто бир тараптын же болбосо кандайдыр бир буйрук менен түзүлбөйт, алар качан гана тараптар келип чыккан талашты бейтарап сотто чечүүнү биргелешип макулдашканда түзүлөт.

- же мындан ары арбитрды тандоо мүмкүнчүлүгү принциби - талаш- тартыштарды бейтарап сотто кароодо тараптар тандай алган же ар бири өз өзүнчө тандаган арбитрлар карайт. Арбитрларды тандоодо тараптар эркин жана көз карандысыз болушат.
- арбитрлардын көз карандысыздыгы принциби арбитр алдына коюлган милдетти аткарууда эч кимге көз каранды эмес, эркин жана тарапсыз.
- тараптардын тен укуктуулугу - бейтарап сотто талаштарды чечүү тараптарлын мыйзам алдында жана бейтарап соттун алдында тен укуктуулугуна негизделип чечилет. Ар бир тарап өздөрүнүн укуктарын коргоодо бирдей укук берилген, процессуалдык укуктарды бирдей пайдалана алышат.
- тараптардын айтышы принциби - ар бир тарап өздөрүнүн койгон талаптарын жана каршылыктарынын негизин далилдеп берүүгө милдеттүү.
- ачык эместик припциби бейтарап териштирүү жабык мүнөздүү алып жүрүүчү процесс. Башка жарандар процесске тараптарлын макулдугу менен киргизилет. Башкача айтканда бейтарап териштирүү процессии жабык эшик артында өткөрүлөт.
- бейтарап арбитрларга ишти кароодогу нешзги шарт бул алардын укук нормалардын туура сактоосу. Бейтарап сот чыгарган ар бир чечим укук нормага, тараптар тарабынан түзүлгөн келишимднн нормаларына негизделүүсү зарыл. Бул учурда бейтарап сот чечимди аракеттеги мыйзамга негиздеп чыгаруу принциби турат.
- бейтарап соттун чыгарган чечимин ыктыярдуу аткаруу принциби - тараптар бейтарап сот чыгарган чечимди, кимдин пайдасына чечилгендигине карабастан аткарууга милдеттүү.
- бейтарап соттун иш аракетине мамлекеттин көмөктөшүүсү принциби тараптарлын бирөөсу чыгарылган чечимге макул болбой аткарбаган учурда кызыгуучу тарап чечимди аткартуу үчүн компетентгүү сотторго кайрылууга укуктуу [6].

Бейтарап териштирүүнүн негизги артыкчылыктары:

1. Мамлекеттик соттук төлөмдөргө караганда, бейтарап сотто төлөмдөрдүн жана чыгашалардын өлчөмүнүн арзандыгы башкача айтканда, каражаттарды үнөмдөөсү;
2. Тараптарлын өздөрүнүн ички ишенимдери менен сотторду тандап алуу мүмкүнчүлүгү;
3. Соттук териштирүүнү тез ыкчам кароосу;
4. Бейтарап териштирүүнүн өз алдынча процедурасы, бейтарап сот отурумду өткөрүүдө жарандык же арбитраждык процесстин нормалары менен байланышы жок;
5. Соттук караштуулуктун жоктугу, бейтарап териштирүү тараптарга ынгайлуу жерде жүргүзүлөт;
6. Бейтарап териштирүүнүн процедурасын тараптарлын туруксуз бейтарап сотто аныктоо мүмкүнчүлүгү;
7. Туруктуу бейтарап сотун, бейтарап териштирүүнүн процедурасын. регламентин жана эрежелернди өз алдынча аныктоо мүмкүнчүлүгүндө;
8. Укук колдонуучулук практикасындагы негизги көйгөйлөрдүн аныктоо;
9. Өзүн өзү каржылоо мүмкүнчүлүгү;
10. Тараптардын каражаттарынын унөмдөөсү. ар кандай профессионалдык өкулдөргө чыгымдарды жумшоого милдеттүү эмес, алар иш боюнча бардык керектүү маалыматтарды бейтарап соттордон ала алышат;
11. Бейтарап согто арбитр болуп катышкандар юристер эле эмес, башка кесиптин адистери да арбитр болуп катыша алышат, талаштын предметине байланыштуу;
12. Бейтарап соттун калыс иш алып баруусу, тараптарлын тынчтык келишимине жетүүсү, тараптардын биргелешкен кызыкчылыктарын канааттандырууга багытталат.

Мамлекеттик сотторго салыштырмалуу бейтарап сотто тараптардын тынчтык келишимине жетишүүсүн жогорку пайызда деп белгилесек болот;

13. Милдеттүү тарап чечимди ыктыярдуу аткаруудан баш тарткандан кийин бейтарап соттун чечимин мажбурлап аткартуу, аткаруу сот өндүрүш тартибинле мамлекеттик соттун катышуусу менен жүргүзүлөт;

14. Бейтарап соттун чечимин аткарууга жогорку пайыз, анткени көпчүлүк учурда чечим 100% га ыктыярдуу аткарылат дегенди түшүндүрөт;

15. Бейтарап соттун мыйзамга эмес, тараптардын ортосунда түзүлгөн адилеттүү макулдашуусуна таянып чечим чыгаруу мүмкүнчүлүгү;

16. Тараптар бейтарап териштирүүден кийин дагы партнердук мамиледе кала беришет [7].

Бейтарап териштирүүнүн жетишпестиктери:

1. Бейтарап соттун, доосу камсыз кылууда мажбурлоо чарасын колдонууга мыйзамдуу мүмкүнчүктүн жоктугу;

2. Талаш-тартышты натыйжалуу териштирүү тараптардын эркинен көз каранды.

Жыйынтыктап айтканда, талаш-тартыштарды чечүүнүн альтернативтүү формасы катары бейтарап териштирүүнүн жетишпестиктерине караганда артыкчылыктары көп.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Суханов Е.А. Журнал «Третейский суд» №2, СПб., 2000 стр.83
2. Сатыбеков С.С. «Кыргыз Республикасынын жарандык процесстик укугу» Бишкек., 2012 стр.346
3. Кыргыз Республикасынын «Бейтарап сот жөнүндөгү» мыйзамы Бишкек., 15.05.2003
4. Кыргыз Республикасынын Конституциясы Бишкек., 2010.
5. Дмитриева ГК. «Международный коммерческий арбитраж» Учебно-практическое пособие. «ПРСПЕКТ». Москва., 1997. стр.124
6. Кыргыз Республикасынын Жарандык Процессуалдык Кодекси Бишкек., 29.12.1999.
7. Керезбекова К.К. «Третейский суд» Учебное пособие. Бишкек., .2003


**Рецензент: д.и.н., доцент Эсенкулов Н.Ж.**